киши кубанганынан ыйласа, кара өзгөй киши көрө албаганынан ыйлайт». Кара өзгөйлүк – жакшылык кылуунун карама – каршы мааниси. [4;262-б] «Котур колдон, жоор жондон жугат» - деп макал айтышкан. Ошондуктан ыгы жок кол алышууну каалашкан эмес. Ар бир жакшы деп, таза, күндөй жайнап талпынган бөбөктү да атаган. Солкулдап өсүп турган жашты да сыпаа, үлгүлүү, адамгерчиликтүү адамдар ушул накыл сөз менен сыпаттаган. [5;176-б]

Кыргыз макал – лакаптарында адамдагы абийири, абийирдүүлүк деген эмне, кандай болгондо адам өз абийирин сактап кала ала тургандыгы жөнүдө чагылдырган, тарбиялык күчүн ушул күнгө чейин жогото элек, укумдан – тукумга кала турган макал, лакаптар бар. [5;178-б]

**Пайдаланылган адабияттар**

1. «Ала –Тоо» №18. 1988, 116-бб.
2. Шериев Ж. Адабият тааныткыч.-Ош., 1993.
3. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки». «Илим» басмасы, Фрунзе 1973.
4. Бегалиева Н.К. Кыргыз элинин аялдар жөнүндөгү макал-лакаптары Б.2007-жыл.
5. В.В. Радлов. «Түндүк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү». I том, 85 – 114 – беттер.
6. В.Даль. «Пословицы русского народа», Москва 1957.
7. Шериев Ж. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. –Б., 1996

**УДК 378:37.031.4:101.1** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).418**

## И.А. КРЫЛОВДУН «КҮЗГҮ МЕНЕН МАЙМЫЛ» ТАМСИЛИН ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Минбаева Кундускан Бодоновна - п.и.к., доцент ОшМПУ
Абдуллаева Зубайда Заировна – магистрант, ОшМПУ

## ОСОБЕННОСТИ ОБУЧЕНИЯ БАСНЕ И.А. КРЫЛОВА «ЗЕРКАЛО И ОБЕЗЬЯНА» НА ДИДАКТИЧЕСКОЙ ОСНОВЕ

Минбаева Кундускан Бодоновна - к.п.н., доцент ОшГПУ
Абдуллаева Зубайда Заировна - магистрант ОшГПУ

## PECULIARITIES OF TEACHING I.A. KRYLOV’S FABLE “THE MIRROR AND THE MONKEY” ON A DIDACTIC BASIS

Minbaeva Kunduskan Bodonovna - Ph.D., Associate Professor
Osh State Pedagogical University,
Abdullaeva Zubaida Zairovna - Master's student, OshSPU

**Аннотация**

Бул макалада башталгыч класстын адабий окуу сабактарында дүйнө элдеринин балдар үчүн чыгармаларынан бөлүмүндөгү И.А.Крыловдун «Күзгү жана маймыл» тамсилин дидактикалык негизде окутуунун ыкмалары тууралуу сөз болот. Чыгарманы окутуу аркылуу окуучуларда калыптануучу компетенциялар, текст менен иштөө, анын максаттары, пайда болуучу көндүмдөр тууралуу кенен сөз болот. Тамсилди үйрөтүү аркылуу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, аллегориялык маанини түшүндүрүү, тамсилден алынуучу мораль жана өзүнө баа берүү, өзүн-өзү тарбиялоо жөндөмүн калыптандыруу зарылдыгы символдук образдарды талдоо аркылуу ишке ашат. Күзгү аркылуу адамдык кемчиликтерди чагылдыруу маселеси көтөрүлүп, аюу сыяктуу каармандар аркылуу өзүбүздү

таанууга мүмкүндүк ала тургандыгыбыз кеңири талкууланат. Окутуунун дидактикалык принциптери аркылуу текст менен иштөө, каармандардын мүнөзүн талдоо, ролдук оюндар менен сабакты натыйжалуу өтүү сунушталат.

**Ачкыч сөздөр:** компетенция, сатира, тамсил, дидактика, принцип, текст, фольклор, символ, аллегория, окутуу

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются методы дидактического обучения басни И.А. Крылова «Зеркало и обезьяна» в разделе «Произведения писателей мира для детей» на уроках литературного чтения в начальных классах. Особое внимание уделяется компетенциям, формируемым у учащихся в процессе изучения произведения, работе с текстом, целям обучения и навыкам, развиваемым в ходе анализа басни. Через изучение басни у учащихся развивается критическое мышление, формируется понимание аллегорического смысла, умение извлекать мораль, давать самооценку и воспитывать самодисциплину. Эти задачи реализуются через анализ символических образов, отражающих человеческие недостатки, как это показано в образах персонажей, например, медведя. Подчеркивается, что использование дидактических принципов обучения способствует эффективной работе с текстом, анализу характеров персонажей и проведению урока с применением ролевых игр, что повышает результативность образовательного процесса.

**Ключевые слова:** компетенция, сатира, тамсил, дидактика, принцип, текст, фольклор, символ, аллегория, обучение

**Annotation**

This article discusses the methods of didactic teaching of I.A. Krylov’s fable “The Mirror and the Monkey” in the section “World Literature for Children” within primary school literary reading lessons. The focus is on the competencies developed in students through the study of the fable, text analysis, learning objectives, and the skills acquired during the educational process. Through teaching the fable, students develop critical thinking, understand the allegorical meaning, learn to derive moral lessons, practice self-evaluation, and foster self-education. These goals are achieved through the analysis of symbolic images reflecting human shortcomings, as illustrated by the characters such as the bear. The article emphasizes that applying didactic teaching principles helps ensure effective text work, character analysis, and lesson engagement through role-playing activities, thereby increasing the overall effectiveness of the learning process.

**Keywords:** competence, satire, fable, didactics, principle, text, folklore, symbol, allegory, education

Кыргыз тили жана адабияты боюнча мамлекеттик стандартта: “4-класста адабий жанрлар катары, ыр, аңгеме, жомок, тамсил деген эмне экенин билишет жана адабий чыгармачыл шык-жөндөмүн ойготот;

- окуучунун окуу техникасы, көркөм, сезимдүү, образдуу жана түшүндүрүп окуу жөндөмү бекемделет;
- адабий чыгармадагы сөздүн таасирин, күчүн, образдуулугун, маани-маңызын билишет жана сөз байлыгы, байланыштуу кеби, кебинин маданияты бекемделет;
- окуучулардын көркөм – эстетикалык керектөөсү түптөлөт, өз алдынча чыгарма жазуу сезим-туюму өркүндөйт.

Демек, мына ушундай иш-аракеттерден улам, башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуу – окуу материалдарын теориялык жактан үйрөнүү менен практикалык жактан сүйлөө, жазуу, ой жүгүртүү көндүмдөрүн калыптандыруунун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыз кылууга негизделген”,-деп жазылат. Ошол эле учурда стандартта бул куракка келип, фольклордук чыгармалардын жанрын, түрүн ажыратып, жөнөкөй талдоолорду жүргүзө алуу көндүмдөрүнө ээ болушат [3]

Тамсил — бул кыска, сатиралык мүнөздөгү көркөм чыгарма, жашоодогу адам мүнөзүн, коомдук кубулуштарды жаныбарлар, буюмдар же адамдардын образы аркылуу салыштырып көрсөтүүчү дидактикалык жанр. Тамсилдин негизги максаты — окуучуга

моралдык сабак берүү, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө үйрөтүү болуп саналат. Ошондой эле адабий окуу сабактарында чакан тексттер менен таанышуу процессинде окурмандык компетенттүүлүк, дүйнө таанымдык компетенттүүлүк, чыгармачылык компетенттүүлүк калыптанат.

Макалада 4-класстын адабий окуу китебиндеги И.А.Крыловдун “Күзгү менен маймыл” тамсилин дидактикалык негизде окутуу маселесине токтолобуз, программадагы мындай темалар окуучуларда маданий байланыш, дүйнө тааным, салыштыруу, ассоциация сыяктуу маселелер менен жакындан таанышып, чыгармага, авторго баа берүү, башка элдин маданий, адабий белгилери тууралуу кенен түшүнүккө ээ болуусун шарттайт.

Ошол эле кезде чакан текстстер менен иштөө – маалыматтык компетенттүүлүктүн, социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктүн, өзүн таануу жана көйгөйлөрдү чече алуу жөндөмүн калыптайт.

Окуу материалын окуучунун кабыл алуусуна ылайык багыттап окутууда дидактикалык принциптер жардамга келери шексиз. Балдардын сезим, туюу менен кабыл алуусун жана алган билимин системалаштырууда дидактиканын негизги принциптеринен көрсөтмөлүүлүк башкы ролду ойнойт. “Күзгү менен маймылды” окутууда адамдын өзүн сынга алган, кемчилдигин байкабай башкаларга сын койгон образдагы сүрөт, тасмаларды көрсөтүү да эффективдүү болуп саналат [5]

Аталган тамсил окуучулардын элестүү, кыялдануу менен ойлоно алуу мүмкүнчүлүгүн арттырып, курчап турган зат, буюмдардын, табият көрүнүштөрүн адам турмушу, анын кулк-мүнөзү, табияты менен салыштырып, анализ жасай алуусуна таасирин тийгизет. Ошондой эле фольклордук чыгармалардын катарын толуктаган тамсил жанрын окутууда интерактивдүү усулдардан ролдук оюн же ролдоштуруу, тууроо, аткаруу аркылуу материалды элестүү жеткирүү принциби негизги ыкмалардын бири болуп саналат. Тамсилчинин чыгармаларындагы автордук идеяларды, адамдардын кулк мүнөзүндөгү оң, терс сапаттарды сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде ачып берүү максатка ылайык. Ошону менен бирге тамсилдеги сөз каражаттарынын колдонулушун, идеянын берилишин конкреттүү мисалдар менен жеткирүү сабактын натыйжалуулугун арттыруучу каражат болуп саналат.

Мектеп программасындагы бул материалды окуучуларга жеткирүү үчүн тамсилдин аталышындагы “күзгү” сөзүнө токтолуп, анын адам турмушундагы орду, мааниси тууралуу сөз козгоп, маймыл аны эмне кылат, эмне себептен ага күзгү керек деген суроолор менен окуучуларга кайрылуу аркылуу тамсилдин аныктамасына, анын башка чыгармалардан болгон айырмалуу жактарын ачып алууга багыт алабыз.

Сабак мугалимдин тамсилди көрктүү, образдуу түрдө окуп берүүсү менен башталат. Чыгарманы уккандан кийинки сезимдер, таасирлер менен бөлүшүү үчүн окуучуларга: чыгарманын кайсы бөлүгү күлкү жаратты, канча каарман бар? деген тактоочу суроолор аркылуу киришүү жасап алуу сунушталат.

Маймыл өзүн күзгүдөн көрүп не деген ойго келди? Деген суроо менен класска кайрылуу, айрым окуучуларга ошол куплетти окутуу, текстти таанууга карата мамилесин ойготот:

Күзгүдөн маймыл өзүн-өзү көрдү,
«Капырай» деп таңыркай түрү өзгөрдү.
Аюуну жанындагы түртүп айтат:
– Карачы, мобул турган жаман өңдү [4]

Текстти мугалимден кийин суроолорго жооп берүү үчүн кунт коюп “ээрчип окуусун” уюштуруу да сабакта маанилүү. Жөнөкөй суроолорду берүү менен угулган тексттин канчалык деңгээлде кабыл алынгандыгын текшерип алуу да максатка ылайык. Текстте каармандардын аттары эмне себептен баш тамга менен “Аюу”, “Күзгү” деп жазылып жатат, анткени булар маймылдын кандай экендигин өзүнө көрсөтүп коюуга жардам берүүчү каармандар.

Демек, фольклордук чыгармалардын ичинен кайсы жанр адамдын жүрүм-турумун, адамдык сапаттарын сынга алып, символдук образдар аркылуу чагылдырат? деген суроого окуучулар толугу менен жооп берип, маалыматтык компетенциясын калыптандыруу ишке ашат.

Тамсил – сатиралык мүнөздөгү көбүнчө ыр түрүндө жазылган кыска баян. Тамсилди башкалардан айырмалап турган негизги белгилери: турмушту аллегориялык түрдө чагылдыруусу, аллегориялык мүнөздөрдүн туруктуулугу, сүрөттөөгө алынган жаныбарлардын, өсүмдүк, предметтердин кайма түрдө адамдарды билдириши, алар өз маанилери боюнча адам ролуна жакындыгы, негизгиси адептүүлүккө чакырган, үндөгөн моралдын болушу менен коштолот [2]

Башка бирөөлөрдүн кемчиликтерин сындоо көп учурда өзүбүздүн кемчиликтерибизди жашыруунун жолу экенин окуучуларга таамай жеткире алуу зарылдыгы жаралат. Тамсилдеги ойлорду турмуш менен байланыштырып, талкуу жүргүзүү менен окуучуларга жанрдын өзгөчөлүгүн көрсөтүү сунушталат. Фольклордун бул түрүндө символдорду талдап берүү чоң мааниге ээ.

Биз сөз кылып жаткан тамсилде маймыл — өзүн жакшы көргөн, эки жүздүү адамдын образын, ал эми “күзгү” — адамдын жүзүн, “Менин” чагылдырат. Күзгүдөгү маймыл өзүнүн мүнөзүн, пейилин билбей, башкага сын койгон адамдын образын символдоштурат. Ошондой эле тамсилде айтылган кемчиликтер — өзүн-өзү алдоо, башкаларды сындап, бирок өзүнө баа бере албастык, өзүнүн чыныгы жүзүн, мүнөзүн сезип, туя албагандык — адамдын тайкы мүнөзүн, терс сапатын көрсөтүп тургандыгы тууралуу талкуу, суроо-жооп уюштуруу керек.

Окуучуларга текстти окуу учурунда аюунун сөзүнө маани берүү менен тамсилден алынган негизги ойду баса белгилөө сунушталат:

– Сөзүң чын, ырас айттың, маймыл досум,
Кейпи суук бул жаманды өлүм сорсун.
Күзгүдөн өзүңдү-өзүң таанып кара,
Маймылжан, бир жериңе окшобосун [4]

Тамсилди окутууда – киришүү жана алдыга коюлган максаттарды аныктоо, тамсилдеги каармандардын ролун (аюунун, күзгүнүн, маймылдын) анализге алуу, адептүүлүккө, таалим-тарбияга чакырган моралды аныктоо, чыгармачыл тапшырмалардын менен коштолсо да натыйжасын берет.

«Күзгү жана маймыл» тамсилин дидактикалык негизде окутуу — бул окуучулардын текстти талдоо жана анализдөө жөндөмүн калыптандыруу, аллегориялык маанини ачып берүү жана моралды аныктоо, ошондой эле өз кемчиликтерин көрө билүүгө, сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөтүү болуп эсептелет.

Сабактын жүрүшүндө тамсилди окуу, маймылдын мүнөзүн талдоо, анын терс сапаттарын аныктап, алар текстте кантип чагылдырылганын түшүндүрүү жана аюунун насааттарын талдап, өзүнө сын көз караш менен кароо зарылдыгын баса белгилөө сунушталат.

**Адабияттар:**

1. “КРда 2021-2030-жылдарга чейин жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы”, КР БИМ буйругу, 12.04.2021
2. Ж.Шериев, А.Муратов. Кыргыз адабияты терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Б.: 1994
3. Кыргыз тили жана адабий окуу предметтик стандарты. 1-4-класс. Б.: 2022
4. С. Рысбаев, К. Ибраимова, Б. Абдухамидова. Адабий окуу. Б.: 2015
5. Саттарова А.Т. Кыргыз балдар фольклору: жанрдык түзүлүшү жана көркөм өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. кандид. дисс. автореферады. Б.: 2001